УДК: 378.147
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-287-292

**Кыштообаева Ч.А.**
Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Талас мамлекеттик университети
Талас ш.
kysktoobaeva@mail.ru
**Рамазанова А.Р.**
магистрант
Талас мамлекеттик университети
Талас ш.
ramazanovaainurgan@gmail.com
**Жаркыналиева К.К.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

# БИРИНЧИ КУРСТУН СТУДЕНТТЕРИН АДАПТАЦИЯЛООДО ТАРБИЯЛЫК МЕКЕМЕ ЧӨЙРӨСҮНҮН МАҢЫЗЫ ЖАНА ТҮЗҮЛҮШҮ

**Аннотация:** Макалада студенттерди ЖОЖдогу окуу процессине адаптациялоо заманбап актуалдуу көйгөй экендиги белгиленет. Адаптация – бул байланыштардын, мамилелердин мүнөзүн өзгөртүү процесси. Окуунун натыйжалуулугу жана ийгилиги студенттин университетке киргенден кийин жаңы чөйрөнү өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды. Окуу процессинин башталышы адаптациянын татаал системасы. Биринчи курс студенттеринин жаңы жашоо жана ишмердүүлүк формасына ыңгайлашуу процесстерин тездетүү, окутуунун баштапкы этабында окуу ишмердүүлүгүндө пайда болгон психикалык абалдардын өзгөчөлүктөрүн изилдөө. Маселени актуалдуу кылган фактор жогорку билим берүү системасын реформалоо шарттарында студенттердин окуу ишмердүүлүгүнө ыңгайлашуу процессин оптималдаштыруу милдеттери болуп саналат.

Студенттин адаптациялоо маселеси теориялык проблемалардын бири жана ушул күнгө чейин талкуунун салттуу предмети экендиги белгиленип аны чечүүнүн жолдору көрсөтүлдү жана бир катар ыкмалар сунушталды.

**Негизги сөздөр:** студент, адаптация, окуу процесси, ЖОЖ, мотивация, дисциплина, кесип, психология, милдет.

**Кыштообаева Ч.А.**
кандидат педагогических наук, доцент
Таласский государственный университет
г. Талас
kysktoobaeva@mail.ru
**Рамазанова А.Р.**
магистрант
Таласский государственный университет
г. Талас
ramazanovaainurgan@gmail.com
**Жаркыналиева К.К.**

магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева

## ЗНАЧЕНИЕ И СТРУКТУРА СРЕДЫ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОГО УЧРЕЖДЕНИЯ В АДАПТАЦИИ ПЕРВОКУРСНИКОВ

**Аннотация:** В статье отмечается, что адаптация студентов к образовательному процессу в вузе является современной проблемой. Адаптация – это процесс изменения характера связей и отношений. Эффективность и успех обучения зависят от способности студента освоить новую среду после поступления в университет. Начало процесса обучения представляет собой сложную систему адаптации. Ускорение процессов адаптации студентов-первокурсников к новой форме жизни и деятельности, изучение особенностей психических состояний, возникающих в учебной деятельности на начальном этапе обучения. Фактором, делающим проблему актуальной, является задача оптимизации процесса адаптации студентов к учебной деятельности в условиях реформирования системы высшего образования.
Было отмечено, что проблема адаптации студентов является одной из теоретических проблем и является традиционным предметом обсуждения по сей день.

**Ключевые слова:** студент, адаптация, процесс обучения, вуз, мотивация, дисциплина, профессия, психология, задача.

**Kyshtoobaeva Ch.A.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Talas State University
Talas c.
kysktoobaeva@mail.ru
**Ramazanova A.R.**
Master's student
Talas State University
Talas c.
ramazanovaainurgan@gmail.com
**Zharkynalieva K.K.**
Master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

## SIGNIFICANCE AND STRUCTURE OF THE ENVIRONMENT OF AN EDUCATIONAL INSTITUTION IN ADAPTATION OF FRESH-YEAR STUDENTS

**Abstract:** The article notes that the adaptation of students to the educational process at a university is a modern problem. Adaptation is the process of changing the nature of connections and relationships. The effectiveness and success of learning depends on the student’s ability to master a new environment after entering the university. The beginning of the learning process is a complex system of adaptation. Acceleration of the processes of adaptation of first-year students to a new form of life and activity, study of the features of mental states that appear in the learning activity at the initial stage of training. The factor that makes the problem relevant is the task of optimizing the

process of adaptation of students to educational activities in the context of reforming the higher education system.

It was noted that the problem of student adaptation is one of the theoretical problems and is a traditional subject of discussion to this day.

**Key words:** student, adaptation, learning process, university, motivation, discipline, profession, psychology, task.

Студенттердин жогорку окуу жайдын окуу шарттарына ыңгайлашуусу маселеси учурда психофизиологиялык, жекече-психологиялык, социалдык-психологиялык жана социалдык-педагогикалык деңгээлдерде изилденүүчү маанилүү жалпы теориялык маселелердин бири болуп саналат. Маселени актуалдуу кылган фактор жогорку билим берүү системасын реформалоо шарттарында студенттердин окуу ишмердүүлүгүнө ыңгайлашуу процессин оптималдаштыруу милдеттери болуп саналат.

Студенттердин жогорку окуу жайдагы окууга ыңгайлашуусун биз жандуулуктун интенсивдүү жана динамикалуу, көп кырдуу жана комплекстүү процесси катары аныктайбыз, анын жүрүшүндө студент тиешелүү ыңгайлашуу реакцияларынын негизинде жогорку окуу жайдагы окутуу жана тарбиялоо процессинде ага коюлган талаптарды канааттандыруу боюнча туруктуу көндүмдөрдү калыптандырат. Бул учурда башталышында (биринчи жана экинчи курстарда) жогорку окуу жайдын билим берүү жана социомаданий чөйрөсүнө, ал эми жогорку курстарда тандалган кесипке жана адистикке ыңгайлашуу жүрөт [4, С.21-23].

Биринчи курс студенттеринин жаңы жашоо жана ишмердүүлүк формасына ыңгайлашуу процесстерин тездетүү, окутуунун баштапкы этабында окуу ишмердүүлүгүндө пайда болгон психикалык абалдардын өзгөчөлүктөрүн изилдөө, ошондой эле бул процессти оптималдаштыруунун психологиялык-педагогикалык шарттарын аныктоо өтө маанилүү милдеттер. Ыңгайлашуу процесси бир канча убакыт жана ар кандай "чыгымдар" менен жүрсө, студенттердин азыркы жана келечектеги ийгиликтери, алардын кесиптик калыптануу процесси ошого жараша болот [2, С.99-108].

Жогорку окуу жайында окуган студенттерди тарбиялоо ишинде группанын куратору чоң ролду ойнойт. Кураторлун иш-аракети университеттин, анын ичинде институттун (факультеттин) жана кафедранын окуу-тарбиялык процессинин бир бөлүгү болуп саналат да, окутуучунун жекече иш планына киргизилет жана кафедранын негизги тапшырмасы катары каралат. Студенттик группанын куратору өзүнүн окуу жыл ичинде аткаруучу иштерин окуу жылынын планы менен дал келтирип түзөт жана институттун дирекциясы менен макулдашылат, кафедра башчысы аркылуу бекитилет. Кураторлун иштеринин аткарылышына окуу жайдын жана институттун тарбия иштери боюнча жооптуу координаторлору, директордун орун басары, проректор аркылуу көзөмөлгө алынып турат, ошондой эле керек болгон учурда кураторлорго методикалык жардам көрсөтүшөт. Кураторлукка крсөтүлгөн окутуучу социалдык жана кесиптик компетенттүүлүктөргө жана жогорку нравалык маданиятка ээ, тарбиялык иштерге инсандык даярдыгы бар, жоопкерчиликтүү жана коммуникабелдүү болушу талапка ылайыктуу. Кураторлун ишинин негизги багыттары жана милдеттери: Студенттердин инсан катары өзүн-өзү өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн шарт түзүү, аны коомдо ийгиликтүү ишке ашырууга жана социалдык-психологиялык адаптацияларга биргелешип аракет кылуу, инсандык жана кесиптик жактан калыптанышына өбөлгө түзүү [7, С.356].

Жогорку окуу жайларында ыңгайлашуу процессинин өзгөчөлүгү орто мектепте жана жогорку мектепте окутуунун ыкмаларында жана анын уюштурулушундагы айырмачылыктар менен аныкталат, ал педагогикада педагог менен студенттин ортосундагы дидактикалык тоскоолдук деп аталган өзгөчө терс таасирди жаратат. Жаңы дидактикалык жагдай мектепте алган материалды өздөштүрүү ыкмаларын көп жагынан баасын төмөндөтөт. Биринчи курс студенттерине жогорку окуу жайда программаны ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн керектүү ар кандай көндүмдөр жана чеберчиликтер жетишсиз. Муну тырышчаактык менен толтуруу аракеттери ар дайым эле ийгиликке алып келбейт. Студент жогорку окуу жайдын окуу талаптарына ыңгайлашуу үчүн көп убакыт кетет. Көптөгөн адамдар муну өтө чоң "баага" баалашат. Мындан улам, бир эле адамдын мектепте жана жогорку окуу жайда окуусунда, айрыкча анын натыйжаларында ишмердүүлүктө маанилүү айырмачылыктар пайда болот. Мындан улам биринчи курстагы окуу ийгиликсиздиги жана сессиянын жыйынтыгы боюнча чоң "чыгым"пайда болот.

Ошентип, студенттердин жогорку окуу жайдын окуу шарттарына ыңгайлашуусун пайда кылган себептердин бири орто мектеп менен жогорку окуу жайдын ортосундагы алсыз байланыш болуп саналат. Жогорку окуу жайда окуу процессинин методикасы жана уюштурулушунун өзгөчөлүгү, маалыматтын көп көлөмү, биринчи курс студенттеринде өз алдынча окуу ишинин жоктугу чоң эмоционалдык чыңалууну жаратат, бул келечектеги кесипти тандоодо көңүл кайттыкка алып келет. Бул бардык кыйынчылыктар "дидактикалык тоскоолдуктан" улам пайда боло тургандыктан, студенттердин ыңгайлашуу деңгээлинин төмөн болушунун экинчи себеби жогорку окуу жайда окуу ыкмаларын уюштурууда педагог менен студенттин ортосундагы педагогикалык өз ара аракеттешүүнүн шайкеш келбестиги болуп саналат. Ыңгайлашуу кыйынчылыктары - бул педагогикалык процессти уюштурууда педагог менен студенттин күч-аракеттерин бириктирүүдө пайда болгон кыйынчылыктар.

Студенттин университетке кабыл алынышы анын жашоосундагы жаны бурулуш. Мектепте ар бир окуучу такай көзөмөлгө алынып, анын бүт өмүрүн мугалимдер жана ата-энелер уюштурат. Алар анын сабакка катышуусун, окуудагы жетишкендиктерин, командадагы мамилелерин көзөмөлдөп, ар кандай оор кырдаалдарда жардамга келишет. Ал эми университет таптакыр башка чөйрө. Бул жерде ар бир студент өзү үчүн жооп берет. Окуусунун канчалык ийгиликтүү өтүшү, окуу жайга тапшырганда алдыга койгон максаттарына жетери анын аң-сезиминен, жоопкерчилигинен көз каранды [6, 103-б.].

Адаптация – бул байланыштардын, мамилелердин мүнөзүн өзгөртүү процесси. Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, бардык эле студенттер университеттин атмосферасына киргенден кийин тез көнүп кете алышпайт.Мындан улам, адаптациялоону оптималдаштыруу боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыгууда. Бул болсо студенттерге бул кыйын мезгилден тезирээк өтүүгө жардам берет. Мындай чаралардын комплекси, төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) атайын окуу куралын түзүү, анда ЖОЖ жөнүндө маалымат жана студенттерге коюлган негизги талаптар гана эмес, ошондой эле ар бир адистиктер боюнча маалыматтар болууга тийиш. Мисалы, аны "Студенттер үчүн маалымат 1(2,3,4,5) курстары» деп атаса болот. Бул жерде негизги адистик боюнча аспектилерди толугураак жана конкреттүү, башкача айтканда, бул адистикти жетектеген кафедралар жана окутуучулар жөнүндө маалыматты, окуу жылында ар бир дисциплинаны окутуунун өзгөчөлүктөрү тууралуу ачып берсе болот. Бул документ 1-курстун студенттерине окуунун башталышында талап кылынат жана жыл ичинде аларды окуу

процессине багыттоо гана эмес, ошондой эле эн башкысы, кандайча аларды терен психологиялык стресске дуушар кылбастан, тез жана натыйжалуу, университетте окутуунун формаларына жана методдоруна ылайыкташтырыуусуна жардам берет. Мындан тышкары, бул материалды окуп-үйрөнүү студенттерге коюлган талаптарга дароо көңүл бурууга, аларды түшүнүүгө жана зарыл болгон учурда алардан тиешелүү сунуштарды алууга мүмкүндүк берет. Мунун баары 1-курстун студенттерин ЖОЖдо окууга адаптациялоо маселесин эффективдүү жана тез чечүүгө көмөктөшөт [3, С.82-83].

2) абитуриенттер үчүн түшүндүрмө сөздүк түзүү. Анда, мисалы, абитуриент, академиялык карыз, академиялык өргүү, ассистент, аудитория, окуу планы, факультет, билим берүү формалары, декан,диплом, диссертация, тест, стипендия, өзүн өзү башкаруу, модуль,куратор, семинар, сессия, адистик, курстук иш, лабораториялык иш, лекция жана башкалар камтылышы зарыл.
3) Студенттерге сурамжылоо өткөрүү. Сурамжылоо кыска жана түшүнүктүү болуусу менен ага мисалы, университеттин ректору, декан, кафедра башчысы, деканаттын методисти жана башка ушул сыяктуу, кандай дисциплиналар окутулат, китепкана менен кантип иштөө керек, абитуриентке жардам керек болсо кимден кеңеш алса болот деген сыяктуу маселелер камтылат.
4) Жаңы шарттарга адаптациялоо боюнча атайын тренингдерди уюштуруу жана өткөрүү. Бул болсо студенттердин бири-бири менен тез тил табышуусуна, тез ынгайланышуусуна жана бир командада болуусуна жардам берет.
5) Адаптация процессин башкаруунун натыйжалуу формаларынын бири болуп кураторлук иш саналат. Кураторлун иштин оптималдаштырууга жана тездетүүгө мүмкүндүк берүүчү уюштуруучулук-педагогикалык чаралардын комплекстүү системасынын негизги багыттары болуп, 1-курстун студенттеринин жаңы социалдык чөйрөгө ийгиликтүү ыңгайлашуусу, жеке байланыштарын түзүүгө, өз алдынча билим алуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү жана студенттердин социалдык-демографиялык өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу, университетте окуу процессинде өзгөчө муктаждыктары бар студенттерге жардам көрсөтүү жана уюштурууда турат.

1-курстун студенттеринин жаңы жашоо образына жана ишмердүүлүгүнө ыңгайлашуу процесстерин тездетүү, окутуунун баштапкы этабында окуу ишмердигинде пайда болгон психологиялык мүнөздөмөлөрдү изилдөө, ошондой эле психологиялык-педагогикалык бул процессти оптималдаштыруу үчүн чаралар комплекси өтө маанилүү жана биринчи курстун студенттеринин университетте жашоого жана окууга ийгиликтүү, эффективдүү, оптималдуу ыңгайлашуусу студенттин инсан, гражданин, болочок адис катары мындан аркы өсүшүнүн негизги ачкычы [5, С.100-103].

Студенттердин мугалимдин тарбиячылык ишмердүүлүгү кесиптик ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү экенин, ал окуучуну инсан катары ар тараптуу калыптандырууга багытталган, мугалим-тарбиялануучунун өз ара байланышына негизделгендигин түшүнүүгө тийиш. Практикада студенттердин теориялык билиминин даярдыгы менен алардын практикалык тажрыйбасындагы ишмердүүлүгүнүн байланышын камсыз кылуучу окуу процессинин бөлүгү болуп эсептелинет. Студенттердин жогорку окуу жайларынан алган билимин, тажрыйбасын жана көндүмдөрүн практикада колдонууга мүмкүндүк берет жана алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө ийгиликтүү даярдоонун эффективдүү системасынын бири катары кызмат кылат. Студенттердин кесиптик-педагогикалык чеберчилигин

арттырып, жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуучулары менен келечектеги педагог өз алдынча иштерди уюштуруу, окутуу жана тарбия иштерин жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандырат [1]. Ошондой эле, студенттерге келечектеги өз кесибин туура тандоону жана ынанууга мүмкүндүк берет.

Атайын педагогикалык практика боюнча түзүлгөн окууметодикалык колдонмолор, китептер студенттердин окуу курсуна ылайык, педагогикалык практикадан өтүү учурунда жана квалификациясын жогорулатуунун жекече мазмунун ишке ашырууда мүмкүндүк берүүчү кеңештерди жана сунуштарды камтыйт. Окуу-методикалык колдонмолор өз ишмердүүлүгүн анализдөөгө жана зарыл болгон учурда кесиптик ишмердүүлүктө жетишкендикке жетүү үчүн аны өз алдынча методикалык ой-жүгүртүүгө жардам берет [8, С.150].

**Адабияттар:**


1. Алешин Л. И. Адаптация студентов первого курса к обучению в вузе: некоторые аспекты проблемы (Рос. Госуд. Гуманит. университет). // Материалы Второй Всероссийской электронной научно-практической конференции «Вуз культуры и искусств в образовательной системе региона», апр. - сент., 2002.
2. Баданина Л.П. Анализ современных подходов к организации психолого-педагогического сопровождения студентов на этапе адаптации к вузу // Известия Российского государственного педагогического университета им. А.И. Герцена. 2009, № 83. – С. 99-108.
3. Бисалиев Р.В., Куц О.А., Кузнецов И.А., Деманова И.Ф. Психологические и социальные аспекты адаптации студентов // Современные наукоемкие технологии. – 2007, № 5. – С. 82-83.
4. Карабанов А.А., Погорелко А.Н., Ильин Е.А. Использование информационных технологий в процессе адаптации студентов младших курсов // Известия Института инженерной физики. – 2010, №15. – С. 21-23.
5. Колмогорова Л.А. Особенности мотивации учения и адаптации студентов-первокурсников с различными типами профессионального самоопределения // Мир науки, культуры, образования. – 2011, № 4. – С. 100-103.
6. Эрдынеева К.Г., Попова Р.Э. Функциональная асимметрия мозга как условие адаптации студента к учебной деятельности // Успехи современного естествознания. – 2009, № 1. – С. 64-6
7. Сапарбаева У.Ч., Акжолтоева Р..., Эргешалиева Б.Н. Студенттик группанын кураторунун жождун тарбия иштериндеги ролу. И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы, – 2024, №3/1. – С. 356.
8. Теңизбек кызы А., Бекасыл кызы А., Пайзиллаева С.Б. Студенттердин кесипкөйлүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык практиканын ролу. И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы, – 2024, №1. – С. 150.


**Рецензент: кандидат педагогических наук, доцент Стамалиева К.А.**